| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>САЙДЫКУМ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>САЙДЫКУМСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ №8

**Сайдыкум айылдык кеңештин IX чакырылышынын кезексиз XIV сессиясы**

**25.03.2026-жыл** **Кызыл-Ай айылы**

**Сайдыкум айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына кирген, Сайдыкум айыл аймагынын Жаңы-Абад айылындагы З.Ташматов көчөсүнө “Социалдык шаарчанын айланасын көрктөндүрүү менен тосмолоо” долбоорун, Жалал-Абад облустук өнүктүрүү фонду мекемеси сунуштоо жөнүндө**

Сайдыкум айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттарын, милдеттерин жана иш-чараларын камтыган, программасына кирген, Сайдыкум айыл аймагынын Жаңы-Абад айылындагы З.Ташматов көчөсүнө “Социалдык шаарчанын айланасын көрктөндүрүү менен тосмолоо” долбоорун. Жалал-Абад облустук өнүктүрүү фонду мекемеси сунуштоо боюнча, Сайдыкум айыл өкмөт башчысы К.Д. Матисаковдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Сайдыкум айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XIV сессиясы **токтом кылат:**

1. Сайдыкум айыл өкмөтүнүн социалдык экономикасын өнүктүрүнүн максаттарын, милдеттерин жана иш-чараларын камтыган, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасындагы иш планындагы, Сайдыкум айыл аймагынын Жаңы-Абад айылындагы З.Ташматов көчөсүнө “Социалдык шаарчанын айланасын көрктөндүрүү менен тосмолоо” долбооруна сунушталган коммерциялык сунуштардын жана тийиштүү документтеринин негизинде даярдалсын.
2. Сайдыкум айыл аймагынын Жаңы-Абад айылындагы З.Ташматов көчөсүнө “Социалдык шаарчанын айланасын көрктөндүрүү менен тосмолоо” долбоорунун, демилгечи топтун чогулушунун протоколунун чечими менен сунушталган жумушчу топтун курамы бекитилсин.
3. Сайдыкум айыл аймагынын Жаңы-Абад айылындагы З.Ташматов көчөсүнө “Социалдык шаарчанын айланасын көрктөндүрүү менен тосмолоо” долбоордук өтүнмөдө көрсөтүлгөн 4 065 769 (төрт миллион алтымыш беш миң жети жүз алтымыш тогуз) сом сумманын 10 пайызы болгон 406 577 (төрт жүз алты миң беш жүз жетимиш жети) сом акча каражатын, өздүк салым катары жергиликтүү бюджеттен төлөп берилсин калган 3 659 192 (үч миллион алты жүз элүү тогуз миң бир жүз токсон эки) сом акча каражатын Жалал-Абад облустук Өнүктүрүү фонд эсебинен 2026-жылга ишке ашыруу үчүн долбоор даярдалып сунушталсын.
4. Сайдыкум айыл аймагынын Жаңы-Абад айылындагы З.Ташматов көчөсүнө “Социалдык шаарчанын айланасын көрктөндүрүү менен тосмолоо” долбооруна тийиштүү документтерин даярдоого кеткен чыгымдарды, жергиликтүү бюджеттен өздүк салым катары бөлүнүп берилген 406 577 (төрт жүз алты миң беш жүз жетимиш жети) сом акча каражатын ичинен төлөп берилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сайдыкум айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.А. Анарбаев**